Кыз узатуу

С: Б.Чотурова
О: Д.Урманбетов

Кызы бардын назы бар
Кези болот турбайбы
Кыз бергендин кудагый
Сөзү болот турбайбы (2)

Кайырма:
Ээээй, өйдөлөтүп көтөрүп
Өз кызындай багып ал
Ак жүзүнө жарашкан
Алтын сырга тагып ал (2)

Периштедей кызымды
Тилеп жүрүп тапканбыз
Күлүп жүрүп өтсүн деп
Күн тийгизбей бакканбыз (2)

Кайырма:

Төбөсүндө төрт чачы
Төрт жылкынын баасы эле
Саамайында көкүлү
Сан жылкынын баасы эле (2)

Кайырма:

Беш көкүлүн атырлап
Бермет мончок такканбыз
Элге чыксын аты деп
Эркелетип бакканбыз (2)

Кайырма: